## Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун

## №11 ЧЕЧИМИ

Ош шаары 2024-жылдын 27-апрель

2024-жылдын 26-апрелинде Ош шаарынын ИИБга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин №7 бир мандаттуу округуна талапкер Ю.В.Лилиенталь 26-апрель күнү Ош шаарынын Баялинов көчөсүндө орун алган ИИБнын имаратынын астындагы олтургучтарга жармаштырылган үгүт баракчасын белгисиз атуулдар жулуп салышкандыктан мыйзам чегинде чара көрүү үчүн арыз жазып кайрылган. Арызга Ош ИИБ белгисиз жараанды аныктай албаганын жана олтургучтар таандык болгон башкармалык менен үгүт материалды жабыштырганга келишим жок болгондуктан, менчик ээси менен макулдугу жок иленгендигине байланыштуу талапкер жазган арызында укук бузуу же кылмыш курамы аныкталбагандыктан кылмыш иш козгоодон баш тартканы боюнча Ош ИИБ жооп жазган.

Жогоруда жазылган арыз боюнча №7 Ош округдук шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Жогорку Кенешинин №7 бир мандаттуу округуна талапкер Ю.В.Лилиенталь 26-апрель куну Ош шаарынын Баялинов көчөсүндө орун алган ИИБнын имаратынын астындагы олтургучтарга жармаштырылган үгүт баракчасын белгисиз атуулдар жулуп салышкандыктан мыйзам чегинде чара көрүү боюнча үгүт мыйзамдарында олтургучтар таандык болгон башкармалык менен үгүт материалды жабыштырганга келишим жок болгондуктан, менчик ээси менен макулдугу жок иленгендигине байланыштуу жана административдик имаратка 100 метр аралык сактабагандыктан арыз ээсинин арызы **канааттарылбасын;**
2. Ош ИИБнын токтому эске алынсын;
3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө №7 Ош округдук шайлоо комиссиясынын катчысы Н.Н. Жабаркуловага жүктөлсүн.

**Ош №7 ОШКнын төрагасы:** **К.Т. Бердибекова**

**Ош №7 ОШКнын катчысы:** **Н.Н. Жабаркулова**

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ №7 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ